КРЕДИТТИК КЕЛИШИМДИ ТҮЗҮҮГӨ АЧЫК ОФЕРТА

«Азия Банкы» ЖАКтын (мындан ары ошондой эле - Кредитордун) https: //www.bankasia.kg дареги боюнча расмий сайтында жарыяланган бул оферта Банктын **жеке адамдарга керектөө муктаждыктарына кредит берүүдө алар менен** кредиттик келишим түзүүгө ачык сунушу болуп саналат.

Бул оферта жеке адамдар үчүн каралган жана **Кредитордун керектөө кредитин сунуштоодо жеке адамдар менен** Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 396-беренесине ылайык **келишим түзүүгө** (мындан ары келишим, ал эми бул келишим шарттары ушул офертада чагылдырылган) Кредитордун расмий ачык сунушу болуп саналат.

Кредиттик келишим Кредитордун «Asia Online» мобилдик тиркемеси аркылуу жеке адам (мындан ары – Карыз алуучу) кредит алууга билдирмени толтурган жана берген (акцептеген), ошондой эле келишим түзүү ниетин тастыктоо үчүн аракеттерди көргөн учурунан тартып түзүлгөн катары эсептелет жана күчкө ээ болот. Кредит алууга билдирмени толтуруу жана акцептөө ошол жеке адамдын ушул офертанын бардык шарттарына эч кандай чектөөлөрсүз же анын кайсыл бир жоболорун алып салуусуз, ага кошулуу шарттарында кабыл алгандыгын билдирет.

I. КЕЛИШИМ ПРЕДМЕТИ

1.1. Кредитор ушул келишимге ылайык, эгерде Карыз алуучудан «Asia Online» мобилдик тиркемеси аркылуу кредиттик продуктуну алууга өтүнүч келип түшүп, келишим шарттарын акцептөө аркылуу аны шартсыз кабыл алгандыгын билдирген учурда Карыз алуучуга алган кредиттик каражатты мөөнөтүндө/өз учурунда кайтарып берүү, төлөөгө жөндөмдүүлүк жана/же кредиттин камсыздалышы шартында тиешелүү суммада акча каражатын берүү шартын өз ыңгайына жараша анкытайт. Ошону менен бирге эле Банк, өз ыңгайына жараша Карыз алуучуга кредит берүүдөн баш тартууга жана кабыл алынган чечимдин себептери боюнча түшүндүрмө бербөөгө да укуктуу.

1.1.1. Кредит берүүнүн негизги шарттары:

Он-Лайн кредит

1.1.1.1. Кредит суммасы: 10 000 сомдон 250 000 сомго чейин.

1.1.1.2. Кредит мөөнөтү: 3 айдан 36 айга чейин.

1.1.1.3. Пайыздык чени: жылдык 26% чейин, жылдык натиыйжалуу пайыздык чен жылдык 28,82 % чейин.

1.1.1.4. Кредит керектөө максаттарына сунушталат.

1.1.1.5. Кредиттик каражат келишимди акцептөө учурунда бекитилген төлөө графигине ылайык ар айлык төлөмдөр тартибине төлөнөт.

1.2. Ушул келишим боюнча милдеттенмелер Кредиторден кайсыл болбосун эсептеринде жайгаштырылган акча каражаттарын күрөөгө коюу менен камсыздалат.

II. КРЕДИТТИ ТӨЛӨӨ ШАРТТАРЫ

3.1. Кредитти төлөө Кредитордун «Asia Online» мобилдик тиркемесинде көрсөтүлгөн төлөө графигине ылайык жүргүзүлөт.

3.2. Карыз алуучу ага: кредитти төлөө саат 16:00дөн кийин жүргүзүлгөн шартта, ал кийинки жумуш күнү ишке ашырылган катары эсептелине тургандыгы жана ал келишимде каралган пайыздардын жана айыптык санкциялардын чегерилишине алып келиши ыктымалдыгын жөнүндө маалымдалгандыгын тастыктайт.

3.3. Карыз алуучу төмөнкү ыкмалардын жардамы менен Кредитордун (Банктын) кеңсесине келбестен эле, кредитти төлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ:

* «Asia Online» мобилдик тиркемеси аркылуу;
* Банктын дарегине төлөөлөрдү колдоого алган төлөм терминалдары аркылуу.

3.4.Карыз алуучу аралыктан тейлөө каналдары аркылуу төлөмдөрдү ишке ашырууда алардын өз учурунда жүргүзүлгөндүгү жана туура ишке ашырылгандыгы үчүн жеке жоопкерчиликтүү болуп саналат. Төлөмдөр төлөө графигинде көрсөтүлгөн **эсепке айкын чегерилгенден** кийин гана Банк тарабынан кабыл алынган катары эсептелинет.

III. БАШКА ШАРТТАР

8.1. Келишим тараптар ага кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана алар келишим боюнча өз милдеттерин толук аткарганга чейин колдонулат.

8.2. Тараптапр ортосунда ушул келишим жана ага байланыштуу келип чыккан пикир келишпестиктер жана талаш маселелер тараптар ортосунда сүйлөшүүлөр жолу менен чечилүүгө тийиш, эгерде талаш маселелер боюнча макулдашууга жетишилбесе, ал Кредитор же анын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү жайгашкан/орун алган жери боюнча соттордо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык каралууга тийиш.

Он-Лайн кредит

Кредиттик келишимди түзүүгө
ачык офертага карата №1-тиркеме

Кредиттик келишимди түзүүгө
ачык офертага карата №2-тиркеме

Жеке мүнөздөгү маалыматтарды иштеп чыгууга жана башка жакка берүүгө/сунуштоого макулдук

Мен, ушул аркылуу “Азия Банкы” ЖАКка өз эрким боюнча төмөнкүлөргө макулдугумду билдирем

* мага тиешелүү жеке маалыматтардын иштелип чыгышына (топтоого, жаздырып алууга, сактоого, актуалдаштырууга (жаңылоого, өзгөртүүгө) топтоштурууга);
* мага тиешелүү жеке маалыматтардын Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар тууралуу” мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалыматтарга тиешелүү башка ченемдик-укуктук актыларга ылайык үчүнчү жактарга берилишине;
* мага тиешелүү жеке маалыматтардын Кыргыз Республикасынын “Кредиттик маалыматтарды алмашуу жөнөнүдө” мыйзамына ылайык андан ары иштелип чыгышы (топтоо, жаздырып алуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү) топтоштуруу) үчүн төмөнкү тизмеге ылайык жеке маалыматтардын жана алардын өзгөргөндүгү тууралуу маалыматтардын: улуттук паспорттун түрү, ПИН, фамилиясы, аты-жөнү, төрөлгөн күнү, документтин номери, ошол документти берген органдын аталышы, анын коду, документти берген күн, документтин колдонуу мөөнөтү, документ ээсинин таандыгына (аялзаты/эр адам), бет түзүлүшүнүн санариптик чагылдырылышы, жашаган жеринин дареги, үй бүлөлүк абалы өзгөргөндүгү тууралу маалыматтардын берилишине;

Он-Лайн кредит

Жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу “Азия Банкы” ЖАКтан кредит/лизинг алуу максатында гана ишке ашырылат. Берилген макулдук жогоруда көрсөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында аныкталган жеке маалыматтарды же документтерди сактоо мөөнөтү бүткөнгө чейин колдонулат/күчүндө болот. Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук субъект тарабынан эркин формада жазылган кат жүзүндөгү өтүнүчтүн негизинде кайтарылып алынышы мүмкүн. Берилген макулдук кайтарылып алынган шартта, Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар тууралуу” мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык толугу менен же алардын бөлүгүн иштеп чыгуу улантылышы мүмкүн. Субъект кат жүзүндөгү талап аркылуу жеке мүнөздөгү маалыматтардын иштелип чыгышына тиешелүү маалыматты алууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар тууралуу” мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен, Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар тууралуу” мыйзамынын жоболору, Кыргыз Республикасынын Өкмүтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген Субъекттин ага тиешелүү жеке маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга макулдугун алуу тартиби, субъекттин жеке мүнөздөгү маалыматтарынын үчүнчү тарапка берилиши жөнүндө аларга маалымдоо тартиби жана формасы менен таанышып чыккандыгымды тастыктайм. Жеке мүнөздөгү маалыматтардын коргоого алынышы жагындагы укуктар жана милдеттер да мага чечмеленип, түшүндүрүлгөндүгүн белгилейм.

Ошондой эле, мага банктык кызмат көрсөтүүлөр сунушталган бүтүндөй мөөнөт ичинде “Азия Банкы” ЖАКтын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан кредиттик таржымалдарды топтоп, аларды келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди (анын ичинде кредиттик) басаңдатуу, үстү-үстүнө карыз болуу кесепетин алдын алуу жана кредиттин/насыянын/карыздык каражаттын/каржылоонун сунушталышы/берилиши, аларды алууга байланыштуу документтерди

кароо жол-жобосун жөнөкөйлөштүрүү максатында мага тиешелүү кандай болбосун маалыматтар менен финансы-кредит уюмдары, башка юридикалык жактар/жеке адамдар менен алмашууну ишке ашырган **Кредиттик бюродон/Социалдык фонддон/Мамлекеттик порталдардан жана органдардан** алынышына/берилишине да макулдугумду билдирем. “Азия Банкы” ЖАКтын кардары болуп саналган жеке адамдын аты-жөнү, юридикалык жактын аталышы, жеке адамдын таандыгына (аялзаты/эр адам экендигине, төрөлгөн күнү, жашап жаткан, бизнес жүргүзгөн дареги, анын ишине тиешелүү башка маалыматтар, ошондой эле кредиттер боюнча маалыматтар, анын ичинде кредиттин түрү, кредит суммасы, субьекттин ролу, кредит алууга билдирме берилген күн, алган кредиттердин төлөө таржымалына тиешелүү ырааттуу маалыматтар, кредиттин орду жабыла элек калдыгы, дефолт суммасы, ошол эсеп боюнча жалпы карыз суммасы, кепил болгондор/гаранттар/күрөө коюучулар жана маалымат сунуштоочу алдында милдеттенмелери келип чыккан же милдеттенмелери болгон башка жактар тууралуу маалыматтар да жеке мүнөздөгү маалыматтарга кирет. Мындан тышкары, кредиттер боюнча милдеттенмелерди аткарбай койгондугума же талаптагыдай аткарбагандыгыма байланыштуу мага карата көрүлгөн чаралар тууралуу “Азия Банкы” ЖАКтан алынган маалыматтар, кредит алууга документтерди кароого алуу жана тариздетүү, кредитти берүү жана анын толук төлөнүшүнө чейинки процессте “Азия Банкы” ЖАКка маалым болгон мага тиешелүү башка маалыматтар да жеке мүнөздөгү маалыматтар болуп саналат. Мен сунуштаган бардык маалыматтардын купуя сакталышына “Азия Банкы” ЖАК тарабынан толук кепилдик берилет.

Бул макулдук жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыган, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык аныкталган документтердин же болбосо башка маалыматтардын сактоо мөөнөтү бүткөнгө чейин берилет. Мындан тышкары, мен бул документ “Азия Банкы” ЖАКка кредит берүү жагында эч кандай милдеттенмени алып келбей тургандыгы шарты менен да тааныштым.